# М А А Л Ы М А Т

(Ош ШИИБнын МЭЖна №02-041-2021-001699 саны менен катталган материал боюнча)

2021-жылдын 6-апрель күнү “Фейсбук” социалдык тармагында [redacted] деген ат менен катталган профил ээси өз баракчасына жалпы убактысы 59 секундалык "мына сага! Оштогу АШК буга чара көргөн жок, Улуттар Биримдиги партиясынын Оштогу кандидаты Олимжан дегени ачыктан ачык добуш сатып алып жатат. Акча менен ишти жабам деп жатышат. Чай берип, бата да алып жатат. Россия жараны экенин билесинерби? Урматту Шайдылдабекова, Ким жооп берет" деген текс менен жазылып, видео тасмага тартылып жарыяланган.

Бул факты боюнча, 2021-жылдын 6-июлунда Ош ШИИБнын МЭЖна №02-041-2021-001699 саны менен катталып текшерүү башталган.

Ош шаарынын Кызыл-Аскер көчөсүнун [redacted] тургуну “Альян Пресс” саясат талдоочусу [redacted] өзүнүн түшүнүк катында “Ош шаардык кенешине “Улуттар Биримдиги” саясий партиясынан талапкерлигинин койгондугун, [redacted] атуу жаран тарабынан Фейсбук баракчасына чыгарылган, чай берип добуш сатып алып жатат деген публикация жалган экендигин, ал видео роликти өзү ошол окуя болгон күнү чыгаргандыгын, өзүнүн айылындагы кошуналары ажы апалардын отурушу болуп, ошол жерге бизди чакырып алар бата бергендигин, эч кандай чай уюштурулуп добуш сатып алуу болбогондугун, аталган маалыматтар фейк экендигин” билдирген.

Ош шаарынын Победа көчөсүнүн [redacted] тургуну “Датка-Холдинг” ишканасынын вице президенти [redacted] өзүнүн түшүнүк катында “Ош шаардык кенешине “Улуттар Биримдиги” саясий партиясынан талапкерлигинин койгондугун, [redacted] атуу жаран тарабынан Фейсбук баракчасына чыгарылган чай берип добуш сатып алып жатат деген публикация жалган экендигин, өзү Кыргыз Республикасынын жараны экендигин, көчөсүндөгү кошуналары ажы апалардын отурушу болуп, алар биздин айылдагы талапкерлерге бата берип койолу деп чакырып бата беришкендигин, эч кандай чай уюштурулуп добуш сатып алуу болбогондугун” билдирген.

Ош шаарынын [redacted] көчөсүнүн [redacted] өзүнүн түшүнүк катында, 2021-жылдын 4-июлунда өзүнүн үйүндө апасыны ажы отуруш өткөргөндүгүн алар ай сайын ажы отуруш өткөрүп тургандыгын, ал эми ал жерде эч ким чай уюштуруп бербегендигин, апасы ошол учурда [redacted] бата алып берүү үчүн үйүнө чакыргандыгын билдирген.

Аталган видео тасманы фейсбук социалдык [redacted] деген ат менен катталган профил ээси өз баракчасына жалпы убактысы 59 секундалык “Кандыдаты от партии “Улуттар биримдиги” [redacted] ходят по домам и предлагают деньги, чтобы они проголосовали за него! Территориальная избирательная комиссия (ТИК) чтобы “ЗАКРЫТЬ” это дело просит у [redacted] 3500$!!! А этот кандидат, оказывается еще и гражданин Росии!!! Почему ТИК не проверяет кандидатов при регистрации?? Куда смотрит руководство партии “Улуттар Биримдиги” ?? я хотела за вас голосовать, а сейчас вы меня разочаравали! Проверьте срочно всех своих кандидатов и уберите оттуда всех, кто может опозорить вас! ” деген текс менен жазылып, видео тасмага тартылып жарыяланган.

Аталган [redacted] жана [redacted] деген ат менен катталган профилдер боюнча тийиштүү кызматтардан маалымат катар алынып, алар фейковый акаунттар экендиги, ал эми [redacted] Кыргыз Республикасынын жараны экендиги такталган.

Окуя болгон жерге ыкчам тергөө тобу чыгып, ыкчам иш-чаралар жүргүзүлүп, жогорудагы окуя боюнча добуш сатып алууга байланыштуу эч кандай тийиштүү далилдер такталган жок.

Жыйынтыгында, аталган маалымат боюнча канадайдыр бир кылмыштын жана жоруктун окуясы болбогондугуна байланыштуу, топтолгон материал Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри жөнүндө убактылуу жобонун 2-главасынын 14-бөлүмүнө ылайык 07.07.2021-жылы номенкулатуралык ишке тиркелип, материалга №041-2021-000169 саны ыйгарылгандыгын маалымдайбыз.

**КР ИИМдин Тергөө кызматы**